КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIX сессиясы**

**Токтом №144**

**Сүлүктү шаары** **“23” ноябрь 2023-жыл**

**Кош–Булак аймагынын Дзержинский көчөсүндө жайгашкан, 16 батирлүү №12 үйүнүн 12 батирин Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 21.11. 2023ж. 01-12/3014 сандуу Сүлүктү шаарынын Кош–Булак аймагынын Дзержинский көчөсүндө жайгашкан, 16 батирлүү №12 үйүнүн 12 батирин Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин “Муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура” боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап, ротация жолу менен келген милиция кызматкерлерин убактылуу турак жай менен камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 39-беренесинин 5-пунктунун, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик” жөнүндө Мыйзамынын 2-беренесинин, 10-беренесинин 2-абзацынын, 11-берененин 1-пунктунун, 18-берененин 1-пунктунун, 19 берененин жана Сүлүктү шаардык мэриясынын 17.11.2023-ж №89 токтомунун негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 23.12.2014-ж. №89 “Кош-Булак поселкасынын Дзержинский көчөсүндөгү муниципалдык менчиктеги №12 үйдүн тийиштүү бөлүгүн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүп берүү жөнүндөгү” токтому күчүн жоготту деп табылсын;
2. Сүлүктү шаарынын Кош–Булак аймагынын Дзержинский көчөсүндө жайгашкан, 16 батирлүү №12 үйүнүн 12 батирин Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн балансына акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин;
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков